# Келгилечи күлөлү.

Келгилечи күлөлү,

Капа болбой жүрөлү.

Күндүк экен бул өмүр

Гүлдөп өмүр,гүлдөп өмүр сүрөлү

Сиз эмне муңайымсыз

Бүркөлгөн күндөй болуп

Жашайлы убайымсыз

Жадырап күндөй болуп

Ооба бир күндөр болот

Түшүнбөс баары- баарын

Атасы баласына,баласы атасына

Көп ойлоп баш катырба

Камыкпа капасына

Кайгырба катасына

Бул дүйнө топтоголок,

Бул дүйнө баш катырма эй.

Келгилечи күлөлү

Капа болбой жүрөлү

Күндүк экен бул өмүр

Гүлдөп өмүр, гүлдөп өмүр сүрөлү.

Акежан а сиз неге

Капалуу көрүнөсүз

Кабак ач ансыз деле

Капанын көбү жөнсүз

Ооба бир күндөр болот

Түшүнбөс алган жарын

Түшүнбөс кийгениңе

Же жетпес ичкенине

Көп ойлоп баш катырба

Камыкпа капасына

Кайгырба катасына

Бул дүйнө топтоголок

Бул дүйнө баш катырма эй.

Келгилечи күлөлү

Капа болбой жүрөлү

Күндүк экен бул өмүр

Гүлдөп өмүр.гулдөп өмүр сүрөлү.

Карысы жашы дебей

Кайгы бар жетишерлик

Кабагым кашым дебей

Капаны жеңиш эрдик

Күн түшсө башыңарга

Жок калса ашыңарда

Оо пенде күлүп турчу

Жашыңар,карыңарда

Көп ойлоп баш катырба

Камыкпа капасына

Кайгырба катасына

Бул дүйнө топтоголок

Бул дүйнө баш катырма эй.